**2021-2022-окуу жылынын класстан тышкаркы иштери боюнча анализи.**

Мектепте 2021-2022-окуу жылында класстан тышкаркы иштер боюнча иш мерчем түзүлүп, бекитилди.

1. Адеп тарбиясы
2. Мекенчилидикке тарбиялоо
3. Саясий-маданияттык тарбия
4. Эмгекчилдикке тарбиялоо
5. Атуулдук тарбия
6. Жараталышты сүйүүгө тарбиялоо

15-сентябрь билим күнүнө карата салтанаттуу тизим өтүлүп, ар бир класска класс жетекчилер дайындалды. Башталгыч класстар боюнча 1-класстын класс жетекчиси Кожомкулова Гүладия, 2- класстын класс жетекчиси Алымкулова Лира, 3- класстын класс жетекчиси Борукчиева Миргүл, 4-класстын класс жетекчиси Аргымбаева Нурзада, 5- класстын класс жетекчиси Замир кызы Венера, 6- класстын класс жетекчиси Оскомбаева Жаркын, 7- класстын класс жетекчиси Насыпбек уулу Шеримбек, 8-класстын класс жетекчиси Айталиева Мээрим, 9- класстын класс жетекчиси Каныбек кызы Ырысгүл, 11- класстын класс жетекчиси Сейитбек кызы Эркайым дайындалды. Ар бир класс жетекчи тиешелүү темалары боюнча класстык сааттарды өтүштү. Бардык класс жетекчилер тарбия журнал  менен камсыз болушту.

Окуу күнүнүн биринчи жумасында мектеп ичинде өзүн-өзү башкаруу жаатында милдеттүү түрдө иш алып барган “Ак Тилек” уюмунун президентин шайлоо окуучулар тарабынан жүргүзүлдү. Натыйжада жалгыз талапкер болгон Дүйшеке кызы Перизат окуучулардын 100% колдоосуна ээ болуп,  уюмдун президенти болуп шайланды.  Уюмдун мүчөлөрүнө 8-9-11-класстын окуучулары бекитилди.